**«БЕКИТЕМИН»**
**И.Арабаев атындагы КМУнун алдындагы Мамлекеттик тил жана маданият институтунун директору, профессор ________ А.О.Дюшембиева**
**2021-жыл, 5-апрель**

**Жетектөөчү уюмдун – И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин алдындагы Мамлекеттик тил жана маданият институтунун кыргыз адабияты жана аны окутуунун технологиялары кафедрасынын изденүүчү Өмүралиева Жанар Орозалиевнанын 10.01.09 – фольклористика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган «Молдобасан Мусулманкуловдун “Манасынын” көркөмдүк өзгөчөлүгү жана анын чыгармачылык өнөрканасы» аттуу диссертациясына**

# П И К И Р И

**Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Кыргыз маданиятынын тарыхында көптөгөн манасчылардын ысымдары белгилүү. Ар биринин айткан варианты өзүнчө кубулуш. Баарыныкында бирдей өзөк, бирдей образдар системасы сакталганы менен ар бириндеги тарыхый, мифологиялык белгилер, идеялык-көркөмдүк образдар ар түрдүү. Анын үстүнө эпостор бир гана биздин элде болбогондон кийин эпикалык чыгармалары, мурастары бар башка көптөгөн тектеш, алыскы, жакынкы элдердин казынасындагы эпостор менен дагы салыштырып кароо, эпостордун өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн катар көрүү, башка түрк элдеринин эпосторунда кездешүүчү типтүүлүк менен өзгөчөлүктү, мотив жана сюжеттердеги окшоштуктар менен айырмачылыктарды ачуу, алар тууралуу негиздүү, реалдуу илимий тыянактарды чыгаруу маанилүү.

Ар бир адамдын, ар бир изилдөөчүнүн эпосторго карата өз оюу, пикири бар. Бул жагынан алганда бир илимпоз тарабынан мурда изилденген манасчы же манасчынын варианты башка бир окумуштуу же изденүүчү тарабынан такыр башкача өңүттөн, жагдайдан каралышы, изилдениши мүмкүн. Ушул жагынан алганда дагы ар бир манасчынын айтуучулугу, жеке өнөрканасы ар башка ракурстан каралганы жөндүү. Залкар манасчылардын бири Молдобасан Мусулманкуловдун манасчылык өнөрүнүн калыптануу этаптарын кароо дагы жалпы манасчылыкты, “Манасты” изилдөөдөгү али толук ишке ашырылып кете элек иштердин бири. Аны изилдөөнүн зарылдыгы бул диссертациялык иштин **акталдуулугун** көрсөтөт.

**Диссертацияда баяндалган натыйжаларды алууга автордун конкреттүү жекече катышуусу.** Изденүүчү өз изилдөөсүнүн жүрүшүндө

ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ ИМ. Ч. АЙТМАТОВА
НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Вход. № 134/04-8
« 5 » 04 2021 г.

аталган маселеге тиешелүү бардык эмгектер менен кылдат таанышкандыгы, алардагы ойлорду жекече дагы, бири-бири менен салыштыруу аркылуу дагы карагандыгы, андагы ийгилик-кемчиликтерди, жетишкендиктер менен мүчүлүштүктөрдү далилдүү көрсөткөндүгү байкалат. Манастаануу илиминин калыптанып, өнүгүшүндөгү көрүнүштөрдү ылайыгына жараша сөзгө алып, өзү изилдеп жаткан объектиге карата анын карым-катнашын туура сезген, туура байкаган. Автор изилдөөдөгү бардык жыйынтыктарды жеке өзү алганы эч күмөн жаратпайт. Анткени, ал тема боюнча илимий булактарды, адабияттарды терең изилдеген, аларга конкреттүү сереп жасаган, өз изилдөөсүнүн материалын, объектисин, предметин, методологиясын, анда колдонулган усулдарды туура сыпаттап берген, аягында өзү келген жыйынтыктарды ишенимдүү көрсөткөн.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын ишеничтүүлүк даражасы, алардын жаңычылдыгы жана практикалык маанилүүлүгү.** Диссертант тарабынан алынган жыйынтыктар ишеничтүү, анткени бардыгы тең конкреттүү фактылар-материалдар менен бекемделген. Изденүүчү манастаануу илиминдеги бардык эмгектерди иликтөөгө алууда, аларды системалаштырууда салыштырма-типологиялык, салыштырма-тарыхый методдорду, анализ жана синтез ыкмаларын жемиштүү колдонуп, анын натыйжасында ишеничтүү, конкреттүү, логикалуу илимий жыйынтыктарды алууга жетишкен.

Молдобасан Мусулманкуловдун манасчылык өнөрү, дастандарды аткарган чеберчилиги тууралуу мурда-кийин ар кандай деңгээлде өз замандаштары, айрым илимпоздор тарабынан сөз болуп келгени жашырын эмес. А бирок диссертанттын бул эмгегинде Молдобасан Мусулманкуловдун манасчылык, анын ичинде айтуучулук, жаратуучулук, улантуучулук өнөрү, манасчылык чоң жолго түшкөнгө чейинки кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгынын лирикалык жана эпикалык жанрларын мыкты өздөштүргөн көп кырдуу талант экендигин системалуу карап чыккандыгы **иштин жаңычылдыгы** болуп эсептелет. Тактап айтсак, ишке объект катары аталган манасчынын вариантындагы “Манас”, “Семетей”, “Жаңыл Мырза”, “Жаныш-Байыш”, “Курманбек” эпостору алынган. Изилдөөнүн негизги предметин болсо М.Мусулманкуловдун манасчылык, айтуучулук өнөрүндөгү калыптануу, өнүгүү процесси, анын чыгармачылык өнөрканасындагы эпикалык чыгармалардын сюжеттик салттуулугу, жекече өзгөчөлүктөрү түзөт. Бул багытта диссертант өзү изилдеген манасчынын вариантындагы айрым эпизоддорду С.Орозбаков, С.Каралаев, Б.Сазанов, М.Чокморов өңдүү манасчылардын варианттары менен салыштырып караган. Сюжеттик бул изилдөөлөрдү жүзөгө ашырууда изденүүчү манасчылардын китеп катары жарык көргөн варианттарын дагы, ошол эле мезгилде Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер академиясынын Кол жазмалар фондусундагы айрым кол жазмаларды дагы материал катары ырааттуу, системалуу пайдаланган. Мунун өзү дагы автордун изилдөөчүлүк изденүүсүн, анын эң туура багытта болгондугун көрсөтөт.

Диссертанттын жеке жыйынтыктарынын айрымдарына көңүл бурсак, "М.Мусулманкуловдун айтуусундагы кенже эпостордо башка варианттарга салыштырмалуу баатырдык мотивдердин даңазаланышы жана көөнө сюжеттик форманын сакталып калышы", "М.Мусулманкуловдун айтуусундагы "Манас", "Семетей" эпосторунда мурунтан айтылып келе жаткан салттуу сюжеттик өзөктүн сакталышы, кээ бир эпизоддордун өзгөчө мотивировкалоого жол берилиши, эпостун сюжеттик структурасынын бирдиктүү ырааттуулукта түзүлүшү жана жеке айтуучулук чеберчилигинин негизинде айрым окуяларды баяндоо, пейзаждык, образдык, заттык сүрөттөөлөрү менен өз алдынча бир вариант катары изилденүүгө татыктуулугу" баса белгиленет. М.Мусулманкулов тууралуу өзүнө чейин жазылган көрүнүктүү манастаануучулар Р.Кыдырбаеванын, Р.Сарыпбековдун көз караштарын жеке пикирлерин ырастай турган факты катары көрсөтүү менен диссертант алардан башка дагы изилдөөчүлөрдүн манасчылар тууралуу жазган эмгектериндеги бай тажрыйбаларды манастаануудагы бүтүн нерсе катары карайт. 1952-жылдагы конференциядагы М.Мусулманкулов тууралуу айтылган ойлорду анализдейт. Сюжеттик өзөктөрдүн негизинде кылдат анализ жүрөт Мунун бардыгы изденүүчүнүн өз темасын баш-отун сайып изилдегендигин, теманы жакшы билгендигин кабарлап турат.

**Иштин практикалык мааниси** бул диссертациянын илимий жыйынтыктары Молдобасан Мусулманкуловдун жана башка манасчылардын чыгармачылык өнөрканасын окутууда, изилдөөдө, ЖОЖдордо "Манастаануу" курсу боюнча лекциялык материалдарды даярдоодо, окуу-усулдук куралдарды, көрсөтмөлөрдү, колдонмолорду түзүүдө колдонула тургандыгы менен шартталат.

**Изденүүчүнүн илимий эмгектеринин баалуулугу.** Диссертанттын изилдөөнүн негизги жыйынтыктары боюнча жарыялаган эмгектери манастаануу илимине өз салымын кошуп тургандыгы, келечекте башка манасчылардын айтуучулук өнөрканасын изилдөөдө илимий-теориялык жактан таяныч, өбөлгө болуп берээри талашсыз. Диссертациянын илимий материалдарын мектеп мугалимдери, жогорку окуу жайлардын окутуучулары, студенттер, магистранттар, аспиранттар, же дегеле фольклористика тармагында изденген адамдар колдонсо болот. Мындагы айтылгандар бир гана окутуу, илим жазуу чөйрөсүндөгүлөр үчүн гана баалуу болбостон, жалпы эле "Манаска" кызыккан, манасчыларды баалаган окурмандарга, угуучуларга керек маалыматтарды берет.

**Диссертация туура келген адистик.** Изденүүчүнүн бул изилдөөсү 10.01.09 – фольклористика адистигинин паспортуна толугу менен туура келет. Анткени изилдөөдө манасчынын айтуучулук жолу, ага салыштырмалуу дагы башка манасчылардын варианттары иликтенип жатат.

**Диссертациянын материалдарынын изденүүчү жарыялаган эмгектерде толук чагылышы.** Изденүүчүнүн эмгектеринин тизмесине көз чаптырсак, ал өз изилдөөсүнүн негизги материалдарын коргоого чейин эле

толугу менен жарыялоого жетишкенин көрөбүз. Ал изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери боюнча да, изилдөөнүн илимий жыйынтыктары боюнча да конкреттүү макала-билдирүүлөрүн илимий журналдарга, илимий конференциялардын жыйнактарына жарыялаган. Диссертанттын бир канча макаласы РИНЦ тутумуна кирген илимий журналдарга басылган. Демек, КР ЖАКтын илимий эмгектерди жарыялоо боюнча талабы толугу менен аткарылган.

Жогоруда айтылган ойлордун негизинде изденүүчү Ж.О.Өмүралиеванын «Молдобасан Мусулманкуловдун "Манасынын" көркөмдүк өзгөчөлүгү жана анын чыгармачылык өнөрканасы» аттуу диссертациясын диссертациялык кеңеште коргоого сунуштоого болот.

Аталган илимий квалификациялык эмгек толук аягына чыккан, изилдөөнүн жүрүшүндө ишеничтүү илимий жыйынтыктар алынган. Бул изилдөөдө 10.01.09 – фольклористика адистиги үчүн чоң мааниге ээ болгон кыргыз маданиятындагы белгилүү манасчы Молдобасан Мусулманкуловдун манасчылык өнөрканасын изилдөөгө байланышкан **актуалдуу илимий милдети** ийгиликтүү чечилген. Бул милдеттин чечилүүсү менен улуттук фольклористиканын эң маанилүү көрүнүшүнө тиешелүү актуалдуу маселе ишке ашкан.

Изилдөө абдан кылдат жазылган. Стилдик жактан дагы, орфографиялык, пунктуациялык жактан дагы эч кынтык таба албайсың. Изденүүчүнүн сөздү сезе билүү, өзү айтайын деген нерсени кыйналбай-этпей эркин, илимий аспаптар менен толук камсыз кылып жеткиргени анын иш жазууга толук даярдык менен келгендигин, өзүнүн илимий багажын мыктап толтургандыгын көргөзөт. Тили жатык. Айрым изденүүчүлөрдүн иштериндегидей жалпы жондоп кетпеген, ар бир нерсени өз аты менен атаган жөндөмү окуп жаткан окурманды кубандырат. Жазганы дагы, сөзү дагы орундуу. Өзү жазган гана темада эмес, жалпы эле фольклористикадагы маселелер боюнча маалыматтуулугу, адис катары калыптанып калгандыгын далилдейт.

Диссертантка карата айрым сунуш-пикирлерди белгилей кетсек:

1. М.Мусулманкуловдун вариантындагы эпикалык чыгармаларга ислам дининин элементтеринин кирүү себептерин (коомдук-социалдык жагдай) дагы тереңирээк талдап берсе жакшы болмок;
2. М.Мусулманкуловдун вариантындагы "Манас", "Семетей" эпосторун Тоголок Молдонун варианттары менен салыштырып изилдесе иш дагы кызыгуу жаратмак.

Бирок жогорудагы сунуш-пикирлер иштин жалпы сапатына таасирин тийгизбейт.

Изилдөө боюнча диссертанттын баяндамасын, ага карата айтылган ой-пикирлерди угуп жана талкуулап, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Мамлекеттик тил жана маданият институтунун кыргыз адабияты жана аны окутуунун технологиялары кафедрасынын кезексиз отуруму **төмөнкүдөй чечим** кылат:

**1. Изденүүчү Өмүралиева Жанара Орозалиевнанын «Молдобасан Мусулманкуловдун "Манасынын" көркөмдүк өзгөчөлүгү жана анын чыгармачылык өнөрканасы» аттуу диссертациясы КР ЖАК тарабынан коюлган талаптарга толук жооп берет жана анын автору 10.01.09 – фольклористика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.**

Диссертация 2021-жылдын 5-апрелинде И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Мамлекеттик тил жана маданият институтунун кыргыз адабияты жана окутуунун технологиялары кафедрасынын кезексиз отурумунда №4 протокол менен каралды. Талкууга төмөнкү кафедра мүчөлөрү катышты: А.А.Эгембердиева – ф.и.д, проф.м.а.; К.К.Койлубаев – ф.и.д, проф. м.а., Р.Сыдыкова – ф.и.к., проф. м.а, Г.Жумаева – ф.и.к., проф. м.а, С.Дюшембиев – ф.и.к., доцент, А.Каныбекова – ф.и.к., доцент, А.Кабатай кызы – ф.и.к., доценттин м.а., улуу окутуучулар: Ф.Мырзаева, К.Солтобаева, А.Ажыбаев, А.Түнгатарова, К.Сопубеков, Г.Козубекова – катчы.

**Отурумдун төрагасы,**
**филология илимдеринин кандидаты** **А.Каныбекова**

**Отурумдун катчысы** **Г.Козубекова**